**«Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуудагы көйгөйлөр жана келечеги» деген темада 08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча экономиа илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчиси э.и.д. Сарыбаев А.С.**

## ПИКИР

Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун Кыргызстандын стратегиялык социалдык өнүгүүсүн камсыз кылууда жана учурдагы экономиканы каржылоо маселелерин чечүүдө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу муктаждыгы менен аныкталат.

Чет өлкөлүк инвестициялардын негизги маселеси болуп экономикага кошумча каржылоочу салымдарды камсыздоо гана эмес, кабыл алып жаткан өлкөнүн эмгектин жана өндүрүш каражаттарынын прогрессивдүү жаңы ыкмаларына болгон муктаждыгын канааттандыруу болуп эсептелинет. Натыйжада кабылдоочу өлкө карамагындагы чет өлкөлүк капиталды эффективдүү пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүүчү жаңы өндүрүштүк катнаштардын калыптанышы. Чет өлкөлүк инвестицияларды көбөйтүү калыбына келтирүүчү процесстердин базиси гана болбостон, ишсиздикти төмөндөтүүнүн, бюджетке салыктык кирешелеринин өсүшүнүн фактору болуп, дүйнөлүк менеджментинин денгээлин жогорулатууда, улуттук экономикада атаандаштыкты күчөтүүдө, социалдык сфераны өнүктүрүүдө чечүүчү ролду ойноору анык.

Ал эми мамлекет тарабынан чет өлкөлүк инвестицияларды тартууну стимулдаштыруу менен максаттуу пайдалануу боюнча финансы-инвестициялык саясаты түзүүдө, ошо менен бирге экономикалык суверенитетин жана кызыкчылыгын камсыздоону да эске алуу менен финансылык механизмдерди туура жөндөө керектигинде.

Диссертант тарабынан Кыргыз мамлекетинде калыптанган инвестирлөө механизмдерин кеңири талдоо менен чет өлкөлүк инвестициялардын жетишерлик тартылуусуна тооскоолдук болгон көйгөйлөр аныкталган. Анан конкреттүү тармактын мисалында да изилдөө жүргүзүү туура болду.

Кыргыз Республикасында өтүп жаткан инвестициялык процессин, потенциалы зор жана стратегиялык жактан өтө маанилүү энергетика тармагын талдоо аркылуу жүргүзүлдү. Аталган тармакта ири объектилер топтолгон жана бир эле мезгилде кошумча наркты бир нече эсеге чоңойтууга жана мамлекеттин экономикасына кубаттуу мультипликативдик эффектти түзүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Бирок, өкүнүчтүүсү, бул тармакта орчундуу көйгөйлөр бар, алардын катарында Камбар-Ата-1, Камбар-Ата-2 жана башка ири долбоорлорду ишке ашыруу кыйынчылыктарды туудурууда. Аталган тармакта системдүү баалоонун негизинде инвестицияларды тартуу боюнча комплекстүү көйгөйлөрдүн бардыгын көрсөтүп турат .

Бул тармакта инвестициялык жагымдуулуктун төмөн болушунун негизги себеби болуп, баа саясаты жана импорттолгон электр энергиясын субсидиялоо. Электр энергетикасы өлкөдө монополист болгондуктан, электр энергияга бааны коюу түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине көз каранды болушу.

Изилдөөдө алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү, изилдөө электр энергетикасына инвестицияларды тартууга жана бул тармактын кризисинен чыгууга өбөлгө түзүп, тектеш тармактарга мультипликативдик эффект бергенинде жатат.

Шаршеева Н.К. диссертациясы жаңы конкреттүү чечимдерди камтыган толук көз карандысыз изилдөө иши болуп саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп, чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун көйгөйлөрүн изилдөө жана энергетика тармагына

инвестицияларды тартуунун келечегин илимий-теориялык жактан негиздөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эле.

Шаршева Н.К. жүргүзгөн изилдөө, автордун илимий талдоо ыкмаларын жетишерлик деңгээлде билгендигин, терең илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө даярдыгынын, жетишерлик жогорку деңгээлине ээ экендигин жана теориялык-методологиялык жаатта кеңири эрудицияга ээ экендигин көрсөтө алды.

Коргоого сунушталган диссертация менен тастыкталган илимий даярдыктын деңгээли Шаршеева Н.К., 08.00.10 - "Финансы, акча жүгүртүү жана кредит" адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Илимий жетекчи э.и.д.,профессор Сарыбаев А.С